# Улуттук банктын ноталары

*(2018-жылдын январь айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан ноталарды жайгаштыруу боюнча беш аукцион өткөрүлүп, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 14,0 млрд сомду түзгөн, бул өткөн айга салыштырмалуу 47,4 пайызга көп.

Ушуга байланыштуу Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талап байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 2,6 эсе өскөн, бул жарыяланган эмиссиянын көлөмүнөн 11,3 пайызга көп. Жыйынтыгында, 500,0 млн сом суммасында 7 күндүк ноталар боюнча дагы бир кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 2,0 эсе көбөйүү менен 3,1 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, байкоого алынып жаткан мезгил ичинде ноталардын сатуу көлөмү 7, 28 жана 91 күндүк ноталар менен гана сунушталган, жайгаштыруунун жалпы суммасы 11,9 млрд сомду түзгөн (ай ичинде 2,2 эсе көбөйүү). Отчеттук мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү ай ичинде 73,4 пайызга көбөйүү менен 2,4 млрд сомду түзгөн.

Жыйынтыгында, Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү январь айында 0,48 п.п., 3,1 пайызга чейин кыскарган. Алсак, Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 2,4 пайызды (-0,2 п.п.), 28 күндүк – 4,7 пайызды (-0,1 п.п.) жана 91 күндүк – 5,0 пайызды (-0,01) түзгөн. Мөөнөттүүлүгү боюнча ноталардын кирешелүүлүгү эсептик чендин чегинин алкагында турган. Пайыздык чендин чеги өзгөрүүсүз калган: пайыздык чендин жогорку чеги ("овернайт" кредиттери боюнча чен) 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөнкү чек ("овернайт" депозиттери боюнча чен) - 0,25 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Байкоого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жүгүртүүдө ноталар көлөмү жыл башынан тартып 25,9 пайызга көбөйүү менен 6,6 млрд сомду түзгөн. Коммерциялык банктар Улуттук банктын ноталарынын бирден-бир ээлик кылуучусунан болгон.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2017 | 6 290,5 | 6 279,1 | 99,8% | 11,4 | 0,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2017 | 5 281,0 | 5 265,6 | 99,7% | 15,4 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2017 | 3 748,3 | 3 727,1 | 99,4% | 21,2 | 0,6% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2018 | 5 230,0 | 5 108,2 | 97,7% | 4,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 117,8 | 2,3% |
| 01.02.2018 | 6 587,0 | 6 587,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |